**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ОКУУ ПРОГРАММАСЫ
# «ГЕОГРАФИЯ»
# 7–9 класстар (өткөөл мезгил)

**Түзүүчүлөр:**
*Джунушалиева К.К. – п.и. к. доцент, КББАнын жетектөөчү илимий кызматкери;*
*Кочелева Л.В. – география мугалими, №5 жалпы билим берүү мектеби, Кара-Балта шаары;*
*Суйундукова М. И. – география мугалими, №78 жалпы билим берүү мектеби, Бишкек шаары;*

**Бишкек– 2025**

*Коммерциялык максатта колдонууга болбойт /
Не использовать в коммерческих целях.*



Программа 11 жылдыктан 12 жылдык билим берүү системасына өтүүгө байланыштуу (өтүүнүн сунушталган вариантына ылайык) **2025-2029-** окуу жылдарына (4 окуу жылы) **2012 жана 2013-жылы** туулган балдар үчүн өткөөл мезгил үчүн сунушталат.

# Актуалдуулугу

Географиялык окуу программасын жаңыртуу билим берүү мазмунун XXI кылымдын чакырыктарына ылайыкташтыруу жана 12 жылдык окутуу системасына өтүү зарылчылыгынан келип чыгууда.

Заманбап реалдуулуктар окуучуларда функционалдык сабаттуулукту, глобалдык жана локалдык процесстерди түшүнүү жана талдоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнү талап кылат.

**Жаңы программа:**

- Мамлекеттик стандартка (2024) жана Предметтик стандартка (2025) ылайык келет;
- Туруктуу өнүгүү максаттарынын (ТӨМ4, 12, 13) негизги жоболорун эске алат;
- илимий жана санариптик жетишкендиктердин интеграциясын чагылдырат;
- окуучуларда сынчыл, экологиялык жана мейкиндик ой жүгүртүүнү калыптандырат;
- активдүү жарандык позицияны жана патриотизмди калыптандырууга өбөлгө түзөт.

# Программанын максаты,милдеттери

Географиялык маданиятка ээ жана жаратылыш, социалдык процесстерди талдоонун негизинде негизделген чечимдерди кабыл алууга жөндөмдүү ар тараптуу өнүккөн инсанды калыптандыруу.

**Билим берүүчүлүк:**

– дүйнөнүн илимий-географиялык сүрөттөлүшүн калыптандыруу;
– мейкиндик жана убакыт мыйзам ченемдүүлүктөрүн талдоого үйрөтүү;
– географиялык факторлорду жана алардын жаратылышка, коомго тийгизген таасирин түшүнүүнү өнүктүрүү.

Тарбиялык:

– окуучулардын экологиялык аң-сезимин калыптандыруу;
– жаратылыш байлыктарына жана маданий ар түрдүүлүккө урмат-сыйды тарбиялоо;
– туруктуу өнүгүү принциптерин колдоо үйрөтүү.

Өнүктүрүүчүлүк:

– изилдөө көндүмдөрүн, логикалык ой жүгүртүүнү жана маалыматтар менен иштөөнү өнүктүрүү;
– геомаалыматтык технологияларды колдонууга үйрөтүү;
– командада иштөө жана долбоордук ишмердүүлүккө катышуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.

# Предметтик компетентүүлүктөр







**1.Изилдөө-таанып-билүү**


– маалыматты алуу, талдоо, колдонуу жөндөмү,
– өз алдынча изилдөө жүргүзүү.

**2. Геоэкологиялык**

– жаратылыштык-социалдык байланыштарды түшүнүү,
– экологиялык маданият, жоопкерчиликтүү жүрүм-турум.

**3. Геомаданий**

– маданий көп түрдүүлүктү билүү,
– маданияттар баарлашуу, мамиле түзүү көндүмдөрү.



**4. Геомаалыматтык-санариптик**

– геомаалыматтар, ГИС, карталар менен иштөө,
– географиялык маалыматты визуалдаштыруу жана көрсөтүү.

# Мазмундук тилкелер

## 1. Географиялык мейкиндик

- мейкиндикте багыт алуу көндүмдөрүн калыптандыруу,
- карталар жана схемалар менен иштөө,
- аймактардын географиялык абалын талдоо.

## 2. Геомаданий ар түрдүүлүк

- Этникалык жана маданий ар түрдүүлүктү изилдөө
- Миграциялык жана демографиялык процесстерди талдоо

## 3. Азыркы дүйнонүн Туруктуу өнүгүүсү

- экологиялык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү,
- жаратылыш, коом жана экономика ортосундагы байланыштарды түшүнүү.

# География предметинин Базистик окуу планындагы (БОП) орду

БОПто география окуучуларда дүйнөдөгү, өлкөдөгү жана региондогу жаратылыш, социалдык-экономикалык процесстер жөнүндө түшүнүк калыптандыруучу предмет катары маанилүү орунду ээлейт.

География – табигый-математикалык жана социалдык предметтерди интеграциялаган комплекстүү илим.

Ал физика, химия, биология, математика, информатика, экономика жана социологиянын жетишкендиктерине таянып, мектеп программасындагы маанилүү предметтердин бирине айландырат.

**Мектеп географиясынын башкы милдети:**

«Жаратылыш – Адам – Чарба – Айлана-чөйрө» системасын окуп үйрөнүү.

Бул төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет:

-  жаратылыш чөйрөсүнүн өзгөрүүлөрүн болжолдоого;
-  жаратылышты пайдалануу чөйрөсүндө негизделген чечимдерди кабыл алууга;
-  антропогендик таасирдин терс кесепеттерин алдын алууга.



# География предметин окуп-үйрөнүүнүн практикалык мааниси

**География окуучуларда географиялык илимий дүйнө таанымды калыптандыруу менен:**

- практикалык көндүмдөрдү: географиялыккарталар менен иштөө, маалыматтарды талдоону, геоэкологиялык ой жүгүртүүнү өнүктүрөт;
- окуучуларды азыркы дүйнөдө жашоого даярдайт;
- ресурстарды рационалдуу пайдаланууга жана коомдун туруктуу өнүгүүсүнө көмөктөшүүгө мүмкүнчүлүк түзөт;
- системалык ой жүгүртүүнү, окуучуларды глобалдык дүйнөдө жашоого ж.б. үйрөтөт.



# Күтүлүүчү натыйжалары

## Окуучулар географияны өздөштүргөндөн кийин:

- географиялык мейкиндикте багыт алышат;
- географиялык маалымат булактары менен иштей алышат (карталар, ГИС, сүрөттөр, графикалар);
- глобалдык жана локалдык жаратылыш кубулуштарын талдай алышат;
- **«табият - адам - коом – экономика»** системасындагы байланыштарды аңдашат жана түшүнүшөт;
- экологиялык көйгөйлөрдү алдын ала айтууга жана чечүү жолдорун сунуштоого үйрөнүшөт;
- долбоордук иш-аракеттерге катышуу жана өз изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын сунуштоого үйрөнүшөт.

БОПто «География» предмети **Табигый-илимий билим берүү аймагына кирип, класстар боюнча төмөндөгүдөй окутулат** (ар бир класста окуу жыл ичинде 68 саат)

**9 класс —— Кыргызстандын социалдык-экономикалык географиясы**

**8 класс — Кыргызстандын физикалык географиясы**

**7 класс — Материктердин жана океандардын географиясы**

# Методикалык мамилелер:

- Компетенттүүлүк
- Предмет аралык интеграция (STEAM: география + табигый билимдер + технология + искусство + математика)
- Практикага багытталган окутуу
- Санарип куралдарды колдонуу (Kahoot, Quizizz, Google Earth, QGIS)
- Диагностикалык, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу баалоо
- Окуу долбоорлору



# Окутуунун методикасы

– пассивдүү өздөштүрүүдөн **активдүү, практикалык, изилдөө ишмердүүлүгүнө** өтүү;

– окутуунун формаларынын жана методдордун вариативдүүлүгү: **мини-изилдөөлөр, практикумдар, долбоорлор, кейстер, дебаттар, топтордо иштөө;**

– **жергиликтүү материалды колдонуу:** өз аймагынын жаратылышы жана экологиясы.

# Окутуунун методикасы

💻 Куралдар жана **ресурстар:**
– географиялык жана климаттык карталар, атластар, чиймелер, таблицалар;
– ГИС, Google Earth, спутник сүрөттөрү, санарип платформалар (Kahoot, Quizizz, LearningApps и др.);
–моделдер жана макеттер.

👩‍🏫 **Мугалимдин ролу:**
– фасилитатор, насаатчы жана изилдөө ишмердүүлүктөрдүн координатору;
– окуучулардын сынчыл ойломун, өз алдынча иштей алуусун шыктандырган окуу чөйрөсүн уюштуруучу.

💹 **Сабактын формасы:**
– изилдөө- сабактары, окуу экскурсиясы, «талаа» сабак, интерактивдүү тренинг, долбоор сабактары, лабораториялык иштер.

# STEM/STEAM-мамиле географияда

1. **ДОЛБООРДУК ИШМЕРДҮҮЛҮК:** Географиялык реалдуу маселелерди долбоорлоо аркылуу чечүү.

**2. ИЗИЛДӨӨ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ** (Илимге басым): Географиялык объекттерди жана процесстерди изилдөө үчүн илимий методду колдонуу**.**

**3. МААЛЫМАТТАР ЖАНА КАРТОГРАФИЯЛЫК ТАЛДОО (**Технология, Математикага басым): маалыматтар менен иштөө, аларды чогултуу, визуалдаштыруу, талдоо жана чечмелөө.

**4. МОДЕЛДӨӨ ЖАНА БОЛЖОО** (табигый билимдер, технология, Математикага басым): Географиялык системалардын иштешин түшүнүү жана өзгөрүүлөрдү болжолдоо үчүн алардын жөнөкөйлөштүрүлгөн моделдерин түзүү.

# Долбоорлордун жана тапшырмалардын мисалдары

7 - класс:

–Литосферанын 3D-моделин түзүү

–Жерде багыт алуу боюнча Квест

– Долбоор: «Банкадагы Экосистема»

8- класс:

–Республика боюнча саякат

–Республиканын табиятын изилдөө

– Долбоор: «Менин жашаган жеримдин аба ырайы»

9- класс:

– Мектептин аянтынын планы жана аны жашылдандыруу

# Долбоорлордун жана тапшырмалардын мисалдары

- «ГИС-детектив» – жергиликтүү аймактын экологиялык көйгөйлөрүн талдоо
- «Климаттык тобокелдиктердин картасы» – клматтык маалыматтар менен иштөө
- «Евразияга саякат» – виртуалдуу изилдөө
- «Биоартурдүүлүктү талдоо» – аймактын флорасын жана фаунасын изилдөө
- «Абанын булганышына Мониторинг жүргүзүү» – онлайн-карталар менен жана ченөолөр менен иштөө



# Баалоо

География боюнча баалоо төмөнкүлөргө багытталган:

– компетенттүүлүктүн калыптануу деңгээлин аныктоо;

– өзүн-өзү талдоо жана өзүн-өзү жөнгө салуу көндүмдөрүн өнүктүрүү;

– окуу мотивациясын жана жоопкерчиликти калыптандыруу;

– окуучулардын инсандык өсүшүн колдоо.



# Баалоо



**<u>Калыптандыруучу - </u>окутуу процессин өнүгүүгө багыттайт:**

– оозеки жана жазуу жүзүндөгү пикир;

– окуучунун ишмердүүлүгүн байкоо;

– өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо;

– портфолио, байкоо күндөлүктөрү, долбоордук жазуулар

- **Жыйынтыктоочу – окуучунун жетишкендиктерин каттайт:**

– тесттер жана контролдук иштер;

– практикалык жана долбоордук тапшырмалар;

– изилдөөлөрдү коргоо, эссе, презентациялар;

– карталар жана диаграммалар менен иштөө



# Баалоонун куралдары

– Чек-баракчалар, рубрикалар

– Билимдердин карталары

– Контурдук жана тематикалык карталар

– талдоого тапшырмалар (графиктер, таблицалар, чиймелер)

– Өзүн-өзү баалоо карточкалар

– Электрондук тесттер жана онлайн-квиздер (Kahoot, Quizizz)

**Багытталышы керек:**
– окуучулардын сынчыл жана изилдөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө;
– географиялык билимдерди практикада колдонууга;
–окуучунун өзүнүн окуусу үчүн жеке жоопкерчилигин калыптандырууга.

# Окуу программасын ишке ашыруунун багыттары

**12 жылдык билим берүүгө өтүү:**

– 12 жылдык моделге өтүү менен ырааттуулукту сактоо;

– Мазмунду жана ыкмаларды жаңы курактык өзгөчөлүктөргө ылайыкташтыруу;

– Окуучулардын билим берүү траекторияларын тегиздөө.

**Санариптик жана изилдөө компетенцияларын өнүктүрүү:**

– ГИС-технологияларын, онлайн карталарды, маалыматтарды визуалдаштырууну кеңири киргизүү;

– Интерактивдүү жана аралыктан окутуу үчүн платформаларды колдонуу;

– Долбоордук жана изилдөө методдорун активдүү колдонуу.

# Окуу программасын ишке ашыруунун багыттары

**Туруктуу өнүгүүгө жана экологиялык ой жүгүртүүгө басым жасоо:**

– БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттарын (ТӨМ) предметтин мазмунуна интеграциялоо;

\– ресурстарга жана жаратылышка аяр мамиле кылууга тарбиялоо;

– окуучуларды жергиликтүү экологиялык демилгелерге тартуу.

**Эл аралык стандарттарга шайкештик :**

– PISA, TIMSS жана башка эл аралык баалоолордун компетенцияларына багытталуу;

– Функционалдык сабаттуулукту калыптандыруу: географиялык, экологиялык, санариптик, жарандык.

.

# Окуу программасын ишке ашыруунун багыттары

**Окутуунун ийкемдүүлүгү жана ар түрдүүлүгү:**

– окутуунун форматтарын тандоо мүмкүнчүлүгү: санариптик, изилдөөчүлүк;

– мазмунду аймактык өзгөчөлүктөргө ылайыкташтыруу;

– мугалимдин демилгелерин, жергиликтүү изилдөөлөрдү жана мектеп долбоорлорун колдоо. .

 ***Программа сынчыл ой жүгүртө алган, экологиялык жактан жоопкерчиликтүү иш-аракет кылган жана азыркы дүйнөнүн чакырыктарына ыңгайлаша алган муунду калыптандырууга негиз түзөт.***

# Жыйынтыктоо



**7–9-класстар үчүн география программасы:**

✓ заманбап чакырыктарды жана билим берүү приоритеттерин эске алат;

✓ 21-кылымдын негизги компетенцияларын жана көндүмдөрүн калыптандырат;

✓ экологиялык, социалдык жана санариптик жактан сабаттуу инсандын өнүгүшүнө көмөктөшөт;

✓ 12 жылдык системага өтүүдө окутуунун үзгүлтүксүздүгүн жана ырааттуулугун камсыз кылат.

# Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат!

# Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат!

*Коммерциялык максатта колдонууга болбойт /*
*Не использовать в коммерческих целях.*